«Бекитемин»
Таширов атындагы өндүрүштүк
үрөөнчүлүк кооперативи
Жетекчиси: Жоошбеков Заринбек Сүйүнович
_______________________
«_13_» ___февраль___ 2024-ж.

# АКТ
## илимий-изилдөө иштеринин жыйынтыгын иш жүзүнө ашыруу жөнүндө

1. **Автору:** Керимбаева Тынара Эркинбековна - Ош технологиялык университетинин "Экономика жана финансы" кафедрасынын окутуучусу.

2. **Илимий-изилдөө ишинин аталышы:**08.00.05.– "Тармактык экономика» адистиги боюнча "Экономиканын реалдуу секторунун инвестициялык жагымдуулугун жогорулатуу (Кыргыз Республикасынын Ош облусунун айыл-чарбасынын мисалында)" аттуу темадагы экономика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертация.

3. **Кыскача аннотация.** Илимий-изилдөөнүн максаты Кыргыз Республикасынын Ош облусунун айыл-чарбасынын мисалында реалдуу секторунун инвестициялык жагымдуулугун жогорулатууга багытталган теориялык-методологиялык негиздерди жана практикалык сунуштарды иштеп чыгуу болуп саналат. Реалдуу секторду, анын ичинде айыл чарбасын өнүктүрүүдө инвестициялык жагымдуулукту жогорулатуу атаандаштык стратегиясынын негизи катары белгиленген. Инвестициялык иш-чараларды жүргүзүү менен айыл чарба субъекттеринин атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу аркылуу өндүрүлгөн продукцияларынын сатуу көлөмүн көбөйтүү, жаңы базарларга чыгуу ж.б.у.с. жолдор менен рынокто натыйжалуу иштөө сунуштары берилген.

Изилдөөнүн жыйынтыгында чет өлкөлүк жана ата мекендик тажрыйбалардын негизинде айыл чарбасына инвестицияларды тартууну мамлекеттик колдоо, аларды стимулдаштыруу жана оптималдаштыруу механизмдери негизделген жана айыл чарбасынын туруктуу өнүгүүсүн камсыз кылууда технопарктарды, соода логистикалык борборлорду жана кластердик негизде бири бири менен байланышкан тармактардын интеграциясынын түзүмүн киргизүү негизделген. О.э. инвестициялык ишмердүүлүктүн натыйжалуулугун баалоонун ыкмалары иштелип чыгып жана айыл чарбасынын инвестициялык өнүгүү стратегиясы сунушталган.

Изилдөөнүн жыйынтыктарын айыл чарба тармагындагы ишканалардын инвестициялык өнүгүүсүн пландаштырууда жана ишке ашырууда колдонсо болот.

**4. Иш жүзүнө ашыруунун натыйжасы.** Кыргыз Республикасынын реалдуу секторунда, анын ичинде айыл чарбасында продукцияны өндүрүүчү субъекттерде инвестициялык иш аракеттерди жүргүзүү мененалардын экономикалык натыйжалуулугун жана атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча Керимбаева Тынара Эркинбековнанын кандидаттык диссертациясынан алынган илимий жыйынтыктар колдонулуп, төмөнкүлөр иш жүзүнө ашкандыгын күбөлөндүрөбүз:

1)Таширов атындагы өндүрүштүк үрөөнчүлүк кооперативинин ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу жана жогорку атаандаштык жөндөмдүүлүктү камсыз кылууга шарт түзүү үчүн кооперативдин инвестициялык өнүгүү планы иштелип чыкты;

2) Таширов атындагы өндүрүштүк үрөөнчүлүк кооперативинин ишмердүүлүгү үчүн керектүү материалдык ресурстар (күйүүчү майлар, үрөөн, техникалык каражаттар жана алардын тетиктери, жер семирткичтер, ж.б.) менен жабдуучулар, өндүрүштү камсыз кылган дыйкандар, кайра иштетүүжана сатуу менен байланышкан тараптар менен интеграциялык байланышты-кластерди калыптандыруу жана колдонуу жолдору иштелип чыкты;

3) Таширов атындагы өндүрүштүк үрөөнчүлүк кооперативинин инвестициялык ишмердүүлүгүнүн (жаңы техникаларды, технологияларды сатып алуудан, жаңы үрөөндөрдү колдонуудан ж.б.) натыйжалуулугун эсептеп чыгып экономикалык анализ жүргүзүү колго алынды;

**5.Иш жүзүнө ашыруунун орду жана убактысы.** Ош областы, Кара-Суу району, Савай айыл аймагы, Курбан-Кара айылы, Таширов атындагы өндүрүштүк үрөөнчүлүккооперативи, 2022-2024-жж.

**6. Иш жүзүнө ашыруунун формасы.** Изилдөөнүн жыйынтыктарын колдонуу Таширов атындагы өндүрүштүк үрөөнчүлүк кооперативинин стратегиялык жана өндүрүштүк пландарынын түзүлүшүнө, бухгалтердик ички эсеп-кысапты башкаруучулардын талабына ылайык жүргүзүлүшүнө, инвестициялык - инновациялык ишмердүүлүктөн алынган натыйжаларды так эсептеп анализдөөгө мүмкүндүк берди.

**Таширов атындагы өндүрүштүк үрөөнчүлүк кооперативинин башкы бухгалтери** **Юлдашев Б.К.**

**ОшТУнун "Экономика жана башкаруу" факультетинин деканы, э.и.д., профессор** **Атабеков А.К.**